КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
АЛАМҮДҮН РАЙОНУ
ВАСИЛЬЕВКА АЙЫЛ КЕНЕШ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
АЛАМУДУНСКИЙ РАЙОН
ВАСИЛЬЕВСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ

# ТОКТОМ № 16
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

«25» 07 2023 жыл Виноградное а.

**“АРИСтин «Айылды инвестициялоонун үчүнчү долбоорунун алкагындагы кошумча каржылоо (COVID-19га жооп кайтаруу боюнча)»-КК АИД-3 долбоорундагы Ири долбоор «Виноградное айылына ФАП куруу» жөнүндө**

КК АИД-3түн алкагында айылдык аймагында жүргүзүлгөн долбоордук иш-чаралар жөнүндө жана ири долбоор «Виноградное айылына ФАП куруу», боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т. Кушчубаев жана айылдык аймактын АКИА АКнын төрайымы С.Ы. Агызакованын, маалыматын карап жана талкуулап, ошондой эле "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" 20-октябрь, 2021-жылдын № 123 Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 27-беренесине ылайык, Васильевка айылдык кеңештин сессиясы.

**ТОКТОМ КЫЛДЫ:**

1. Ири долбоор- «Виноградное айылына ФАП куруу» жалпы бюджет 7 689 512сом, а.и. АРИСтин гранты 7 395 000сом, айыл окмоттун салымы 294 512сом бекитилсин. (1-тиркеме.)
2. Ири долбоор - «Виноградное айылына ФАП куруу» 2023-жылдын Васильевка айылдык аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүү планына жана инвестициялык планга киргизилсин;
3. Аламүдүн районун Васильевка айыл аймагынын АК жооптуу катчысы М.К. Адинаев Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана ченемдик актыларына ылайык Айылдык кенештин бул токтомун Кыргыз Республикасынын Юстиция Министирлигине ченемдик актылардын реестирине киргизүүнү камсыз кылсын;
4. Ири долбоордо көрсөтүлгөн объектилердин техникалык тейлөөгө жана пайдаланууга жергиликтүү бюджеттен чыгымдарды бекитилсин;
5. Айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т. Кушчубаев «Виноградное айылына ФАП куруу» жана ири долбоорду жана тиешелүү долбоордук иш-кагаздарды АРИСке өз убагында берүү тапшырмасы берилсин;
6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө С.Т. Кушчубаев айыл өкмөт башчысына жана АК бюджет маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Васильевка айылдык кеңешинин төрагасы** **Г.А. Рабиев**